## 3-секция. Педагогика жана психология

**УДК 37.013**

*Аттокуров А.А.*

# *Балдардын билимге болгон кызыгуусун арттыруу жана эстетикалык жактан тарбиялоонун мааниси*

Коом-үзгүлтүксүз тарбия берүү жана билим алуу менен жаңыланып, калыптанып,улам өнүгүп келе жатат.Азыркы коомдун өнүгүп,калыптанып жаткан мезгилинде жалпы билим берүү жана кесиптик окуу жайлардын алдына чоң жоопкерчилик, ошону менен бирге эң негизги милдеттердин бири болуп келечектеги кесиптин ээлерин ар тараптан калыптандырууга коюлган эң негизги проблемалардын бири жаш муунду окутуп жана тарбиялоо ишин толугу менен камсыз кылуу болуп эсптелет.Убакттын уланышы менен жаштарыбыздын билимге болгон мамилеси, психологиясы, ойлоосу жана тарбиясы жаңы өзгөчөлүктөргө ээ боло баштады. Ушул инсандарды окутуп, тарбиялоону мугалимдер тура ишке ашырууга милдеттүүбүз.Азыркы кезде окуу мекемелеринде (окуу жайда,мектепте) дээрлик көпчүлүгүндө эле окутуу негизинен китеп менен жүргүзүлөт, түшүндүрүп көрсөтүү менен өтүлөт, демек, окуучулар китепти окуп, кайра окуп,айтып берүү жана алады бир нече жолу кайталоодон түшүнүк алышат. Ушул окуу процессинде окуучулар мугалим сураган кезде, өздөрүнүн угуп эсте калгандарын гана кайталап гана айтып тим болушат, чектелишет да өздөрү өз алдынча изденип, эмгектенип окууга эрки жоктой мамиледе болушат. Бул процесстин натыйжасында окуу окуучуларга тажатма мүнөзгө айланып, алардын билим алууга болгон кызыгуулары акырындап жоголо баштайт.Мына ушундай окуучулардын психологиясын, ички ой-мүдөөлөрүн тура түшүнүп, алардын эмнеге кызыккандыгын, эмоциясын, эркин жана өз алдынча эмгектенип билим алууга муктаждыктарын пайда кылуу булчыныгы мугалимдин эң негизги бүгүнкү күндөгү проблемасынын өзөгү болуга тийиш.

Педагог – түйшүктүү кесип, анда өзүндөгү бар билимди балага сиңирүү деген чоң милдет орун алган.

Ошол педагог адистерди даярдоодо психологиянын орду абдан жогору. Себеби, педагогиканы жакшы билүү менен эле окуу тарбияны ийгиликтуу жүргүзүү жеңил эмес. Ал эми психология адамдын ички касиеттерин, өзгөчөлүктөрүн,таануусун, куректык мүмкүнчүлүктөрүн үйрөнүү менен тарбиялоого шарт түзөт. Психология жана педагогика предметтери окутуу жана тарбиялоодо тыгыз байланышта жүрүп олтурат. Ушул мааниде алганда мугалим педагогикалык жана психологиялык билимди терең өздөштүргөн болуусу абзел. Дал ушундай иштөөдө гана алардын педогогикалык ойлоосу өсүп, өнүгүп мугалимдик устаттыгы жогорку чекке көтөрүлүп, «новатордук» пайда болот. Себеби, окутууда, тарбиялоодо жаңы билим берүүнүн ыктарын окуучулардын аң - сезиминеылайык тандап алуу орчундуу мааниге ээ. Коомдун келечек такдырын – тарбия аныктайт. К.Д. Ушинский: «Ар бир улуттун өзгөчө тарбия системасы болот. Ар кандай эле улут бала тарбиялоодо бөтөн бир улуттун системасын пайдалана албайт.»-деп бекеринен баса белгилеген эмес. Чындыгында улуттун маданий салт – санаасы, эмгектин тажрыйбасы, тили дили, көркөм өнөрү жаш муундарга тарбия берүү процессинде берилет.

Бала өз алдынча бой токтотуп, чоңойгон учурунан баштап эле үй-бүлөнүн тиричилигене активдуу катышкан. «Кылганың биз үчүн, үйрөнгөнүң өзүң үчүн» - деп эле балдарды үй тиричилигене кол кабыш кылбай көчөдө ойноп жүрүшүнө жол койгон эмес. Ушунтип турмуш тиричилиги менен, таза эмгек менeнжашоого көзүн ачкан бала ата-энеси менен жакындарынын көңүлүнө толгудай ишти көбөрөөк жасоого аракеттенген, үй-бүлөсү

жөнүндө кам көрүп, балада айкөлдүк пейил түптөлүп, адептүүлүк маданият өсөт. Балдардын мындай аракети кийинки турмуштагы ар кандай кыйынчылыкты жеңип, эч кимге көз каранды болбой, өз жашоосуна тың келечеги ишеничтүү болот. Турмуштагы жеңил жолду издеп жаман жолго эч качан барбайт. Кыргыздын кең пейилдүүлүгү, нарктуулугу, намысы, жоомарттыгы, ариеттүүлүгү ушундай улуттук тарбиянын өзгөчө системасында жатат. Педагогика илими тарбиячыдан баладагы адамды көрө билүү, ар бир баладан келечектеги татыктуу инсандар болуп чыгышына терең ишенүү менен мамиле кылууну, аларга сылык, сый-урмат менен пикир алышууну талап кылат. Тарбиячы баланы ата-эне сыңары жан-дили менен урматтап, сүйүп, алардын ички дүйнөсүнө жол таба билүүсү зарыл. Демек, болочок мугалимди, тарбиячыны тандоодогу эң негизги нерсе баланын жан-дүйнөсүнө үңүлүп кирүүчү жолду аныктай билүү жөндөмдүүлүгү. Ансыз келечекте биз окутуп тарбиялаган адистерден жакшы тарбиячы чыкпайт. Окуу процессинде билим алуу   балдарда ар түрдүү деңгээлде болот.Бала окууга барып жүрөт, анткени башкалардын баардыгы окууга барат, бирок окуу аны кызыктырбайт. Ал окууда өз каалоосу боюнча эмес, аргасыздан эле катышып жүрөт, демек анын окуп билим алуу максаты жок, мындай абал окуучуда бир катар психологиялык терс абалдарды туудурат. Экинчи бир бала да окууга барат, биринчиден ал анын милдети, экинчиден ал үчүн окуу кызыктуу, ошондуктан ал окууга баргысы келет. Бул бала өзүнүн алдыдагы максатына жетүүгө аракеттенген, инсандык сапаты туура калыптанып баштагандыгынан маалымат берет.

Окутууда - тарбия иштерин, айрыкча сабактарды өтүүдө мына ушул психологиялык фундаментти- активдүүлүктү, керектөөлөрдү, сезимди жана инсанды эсепке алуу зарыл. Учурдун талабы, келечектин максаты: «Ар бир балага жакшы мугалим болууга тийиш». Активдүү, мыкты мугалим сабаккакеректүү, маанилүү маалыматты системалаштыра алат, окуучунун коомго болгон мамилесин, окууга, билимге, мугалимге, улууга болгон мамилесин туура калыптандыруу да ушундан башталат.Эгемендүү Кыргыз мамлекетибиздин алдына коюлган негизги милдети бул - жаш муундардагы Ата Мекенге болгон сүйүүсүн калыптандыруу. Жаштардын жүрөгүндө мекендин гүлдөп өсүүсүн, өз элинин тагдырына жоопкерчилик сезимин ойготуу. Ал үчүн жаш муундарга максатка ылайык патриоттук- согуштук тарбия берип, өлкөнү душмандардан коргоо үчүн аскерде кызмат өтөөгө аларды руханий жактан даярдоо. Патриоттук сезим биздин «Манас», «Курманбек», «Эр Табылды» өңдүү эпостордо жогору деңгээлде өнүккөн. «Манас» эпосун өлбөс, өчпөс улуу чыгармага айландырып жаткан кудуреттүү касиет- элдик мүнөздөгү патриоттук сезим. Окуучулардагы патриотизм сезимин калыптандырууда мамлекеттик Герб,Туу, Кыргыз Республикасынын Гимнин жакшы билип, алардын символикалык жактарын терең түшүнүүнүн мааниси өтө зор. Азыркы эстетика жана педагогика, өткөндөгү эстетика жөнүндөгү окуунун көп жактарын, барыдан мурда, адамды калыптандырууда эстетикалык, тарбияны башка социалдык жагдайлар менен бирдикте кенири пайдалануу өңдүү элементтеринен ажыратты. Анын залакасы көп элдердин бүгүнкү социалдык абалына тескери таасир тийгизип жатат. Алсак, азыркы кыргыз мектептеринде жана үй-бүлөлөргө эстетикалык тарбияга жетишээрлик баа берилбей, аны кычыраган формализимге айландыруу-жаштардын жан дүйнөсүн жардылантып, аларды массалык бекерпоздукка, жатып ичер жалкоолукка, аракечтикке, бангиликке, сойкулукка, намыз ариетсиз, адепсиз жүрүш-турушка дуушар кылып жатат. Эстетикалык табити айныган адамда өзүн урматтап, өз наркын сактоого умтулуу болбойт. Адам коомунун башатынан, байыркы дүйнөдөн баштап эле эл булмаселеге бекеринен бүт көнүлүн бурган эмес экендигин түшүнүү керек. Эстетикалык тарбия-чыныгы инсанды калыптандыруунун эн зарыл составдуу бөлүгү болуп эсептелет. Мектеп жана үй-бүлөнүн негизги милдети-

балдарды жашынан эле сырткы дүйнөдөгү, табияттагы, коомдук мамилелердеги сулуулуктарды түшүнө билүүгө үйрөтүү болуп эсептелет. Чыныгы сулуулукту кабыл алуу жана түшүнүү-бул эстетикалык билимдин негизи жана өзөгү, ансыз ар-кандай көркөм кооздукка дүлөй болуп кала бере турган, адамдын сезиминин, эстетикалык маданиятынын чордону. Ошондуктан баланын жашоо турмушунун бүт чөйрөсү-анын акыл жана күч эмгеги, чыгармачылыгы, коомдук ишмердүүлүгү, эстетикалык-нравалык мамилелери, достугу, сүйүүсү-чыныгы сулуулукта туура баалап, аны этияттап коргоо, сактоо керек деген ой жашоосу зарыл. Курчап турган чөйрөдөгү сулуулук жөнүндөгү ата-энелердин, мугалимдердин элестүү, эмоционалдуу сөзү болбосо, балдар сулуулукту таанып билүүсү кыйын. Балдар сулуулукту өз көзү менен көрмөйүнчө сулуулук жөнүндөгү сөз ага эстетикалык таасир тийгизбейт. Сырттан көрүп байкоо жана угуу, көргөндү жана укканды баштан кечирүү-бул сулуулук дүйнөсүнө көз чаптыратурган биринчи терезе десек болот. Сулуулукту көрүп, сезе биле турганды үйрөтүү, мындай жөндөм ойгонгондон кийин жан дүйнөдөгү тандануу менен айкөлдүк касиетти бүт өмүрү бою сактап калууга үйрөтүү мугалим менен ата-энин негизги милдети.

Элдик оозеки чыгармаларыбызда табият жараткан жергебиздин кооздуугу Жеңижок, Барпы өңдүү сөз чеберлеринин ырларында баяндалган. Балдарды сулуулукка болгон сезимди ойготууга Ысык-Көл, Соң-Көл, Чатыр-Көл, Сары-Челек өңдүү көлдөрдөгү кооздукту, Алай,Суусамыр өңдүү жайыттардын кереметтүү кооздугун балдарга ачып көрсөтө алсак, эстетикалык тарбияны тура жолго салган болор элек. Мына ушундан кийин гана көркөм сөз жаштардын ой жүгүртүү каражатына айланып, алардагы түрдүү жөндөмдүүлүктөрдү ойгото алмак. Окуу жайларда, мектептерде майрам, салтанаттарды, кечелерди уюштуруу аларга катышуу да балдардагы эстетикалык кызыгуусун калыптандырат. Балдарга алар жашаган жеринин тазалыгынан, окуу жайынын кооздугунан, гүл зарлардын ыраатуу, сулуулугунан башталат. Балдар чыгармачылык эмгекке умтулуп, шыктанып окуйт. Балдарды үй-бүлөдөгү жана окуу жайдагы бак-дарактарды, аянтчаларды тазалоого жана жасалгалоого катыштыруу өтө маанилүү. Эстетика балдардын жүрүш-туруш маданияты менен тыгыз байланышта. Сылыктык, кичи пейилдик, жөнөкөйлүк, айкөлдүк өңдүү адамдагы жогорку касиеттер жашоону кооздойт, адамдардын көңүлүн көтөрүп, бакытка бөлөйт. Эстетикалык табити начар адам өзүнүн баркын сактай албайт. Бул нерсе адамды жалкоолукка, жумушсуздукка алып келет. Мындай жаман адаттардын алдын алуунун бирден-бир жолу - жан дүйнөдө эстетикалык табитти жогорулатуу.

**Корутунду**

Демокрит менен Аристотель, Ибн Сина менен Жусуп Баласагын, Коменский менен Корчак, Макаренко менен Сухомлинский эңсеген гумандуу педагогикалык идеаларды чыныгы педагогдук чеберчилик менен ишке ашырууга жетишүүбүз керек. Чыныгы адис - ата, адис - эне болуп эсептелебиз. Педагогика жана психологияны терең билген адис ата-эне гана баланы туура тарбиялай алат.

Урматтуу педагогтор, ата-энелер, өндүрүштөгү, чыгармачылыктагы, бийликтеги ишиңер канчалык маанилүү, канчалык кызыктуу, канчалык жоопкерчиликтүү болбосун - окуу жайда (үйдө) силердин коомдук милдетиңерден маанилүү өтө кызыктуу, өтө жооптуу, өтө назик иш-адамды, чыныгы инсанды тарбиялоо иши күтүп турат! Баарыбызга белгилүү тарбия көрбөгөн адепсиз, сабатсыз адам, иштебеген саат сыңары, анын көрүнүш турпаты гана бар, бирок эч кандай милдет аткара албайт. Ушул нерсенин алдын алып сактап калуу – биздин эң негизги милдет!

***Адабияттар***

1. Педагогикалык изденүү. Фрунзе.1989.
2. *Бекембай Апыш.* Педагогика. Ош - 1993.
3. *Миңбаев К.* Адам психологиясы. Ош - 2003.
4. Айтматовдун чыгармалары (Ак кеме, Кыямат,).
5. *Ушинский К.Д.* Избранные педагогические произведения, М.,1968.
6. *Бекембай Апыш* Тарбия назарияты, Ош - 1996.
7. *Миңбаев К.* Курак психологиясы Ош.
8. *Бекбоев И.* Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалыкмаселелери. Бишкек, 2011.